# Улуттук банктын ноталары
*(2015-жылдын март айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан март айында беш аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 14,5 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 7,4 пайызга жогору.

Суроо-талаптын орто аукциондук көлөмү[1] өткөрүлгөн аукциондордогу сатуунун орто аукциондук көлөмү сыяктуу эле 1,6 пайызга көбөйүп, 1,5 млрд сомду түзгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуу көлөмү, мурдагыдай эле 7 күндүк ноталар менен гана берилген. Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү жыл башынан тартып 7,1 пайызга көбөйүү менен 1,6 млрд сомдо калыптанган. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп мурдагыдай эле 72,1 пайыздык үлүшү (-20,8 п.п.) менен коммерциялык банктар саналган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 27,9 пайызды (+20,8 п.п.) түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 11,0 пайызды түзгөн.

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

## 2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы




## 3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2014 | 3 080,1 | 539,0 | 17,5% | 2 541,1 | 82,5% | - | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2014 | 1 548,0 | 341,0 | 22,0% | 1 207,0 | 78,0% | - | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2014 | 2 703,9 | 1 103,0 | 40,8% | 1 600,9 | 59,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2014 | 3 011,7 | 1 384,0 | 46,0% | 1 607,0 | 53,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2014 | 0,0 | 0,0 | - | 0,0 | - | 0,0 | - | 0,0 | - |
| 01.09.2014 | 336,7 | 280,0 | 83,2% | 56,7 | 16,8% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2014 | 33,0 | 10,0 | 30,3% | 23,0 | 69,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2014 | 37,8 | 35,0 | 92,6% | 2,8 | 7,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2014 | 279,0 | 273,0 | 97,8% | 6,0 | 2,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2015 | 1 328,3 | 1 276,0 | 96,1% | 3,9 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 48,4 | 3,6% |
| 01.02.2015 | 1 125,0 | 1 081,0 | 96,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 44,0 | 3,9% |
| 01.03.2015 | 1 472,0 | 1 368,0 | 92,9% | 104,0 | 7,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2015 | 1 576,5 | 1 136,5 | 72,1% | 440,0 | 27,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |